**СУЛАЙМАНОВА Н.**
*Кыргыз-Түрк "Манас"*
*Университетинин магистранты.*
*(Кыргызстан)*

# "КОРКУТ АТА КИТЕБИ" БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК БИЛИМДЕРИН ОРКУНДОТУУ БУЛАГЫ КАТАРЫ

"Коркут-Ата китебинде" эл башына кыйын-кысталыш күн түшкөндө калкын жоодон коргоп, эриш бузган тайманбас баатырлардын эрдиги, эл-журтуна акыл-насаат айтып, өз заманында эле уютку болгон акылгөй даналардын, оозунан кеби кумдай куюлган чечендердин өнөрү баяндалат. Ошону менен бирге эле аталган чыгармада таалим-тарбиялык мааниси чоң афоризмдер, учкул сөздөр менен устаздык кеңештер арбын кездешет. Мунун өзү "Коркут ата китебинин" тарыхый-этнографиялык чыгарма гана эмес, ошол доордогу тектеш түркий калктардын таалим-тарбиялык ой-пикирлеринин өзүнчөлүгүн чагылдырган педагогикалык туунду экендигин тастыктайт" [3, 2012, 11-б.].

Бул "Коркут ата китеби" тууралуу бүтүндөй түрк элдеринде адабий жактан, тарыхый жактан, музыка жана фольклору изилденип жыйынтыгында бир топ китептер жана илимий макалалар жарык көргөн. Ал эми анын педагогикалык табиятыА. Ш. Гашимов, И. Б. Гашимовдордун"Коркут ата китеби - элдик педагогикалык эстелик" - деген макаласында кененирээк ачыкталган. Алардын пикири боюнча "Коркут ата китебинин" баш каарманы- чыныгы элдик педагог, акылман, даанышман тарбиялоочу, жетекчи, элдердин арасындагы ар түрдүү окуяда түшүнбөстүктөрдү жолго салган акылман адам болгон. "Деде" сөзүнүн мааниси "ата" сөзүнүн маанисине караганда кенен жана жогору. Ким балалуу болсо "ата" боло алат, б.а. ал баланын эң биринчи тарбиячысы, жол көрсөткүчү. "Ата"- бул өзүнүн гана баласын тарбиялаган адам эмес, ал бүтүндөй ошол уруунун, элдин, коңшуларынын, туугандарынын тарбиячысы. Ал эми "деде" сөзү тарбиячынын кенен коомдук масштабдагы, б.а. дипломсуз педагог. "Коркут ата китебинде" каарман жигиттердин, кыздардын, аялдардын кылыч кармап, ат чаап, жаа атып "эр жигит" болушканы баяндалат. [4, 123-б].

"Коркут ата китеби" боюнча туркияда жарык көргөн эмгектер өзгөчө кызыгуу туудурат. Алсак түрк окумуштуулары С. К. Ялчын, М. Шенгүлдөрдүн"Коркут ата баяндарындагы балдарды тарбиялоо баалуулуктары жана андагы каарманды баалоо" деген макаласында "Коркут ата китеби" түрк элдеринин улуттук, руханий жана социалдык-маданий баалуулуктарын эң жогорку деңгээлде чагылдырган чыгарма экени белгиленет. Алар "Коркут ата китеби" балдарды бала чагынан баатырдыкка, ата мекенин коргогонго, эмгекчилдикке тарбиялайт жана негизи эле тарбиялоодо колдонула турган эң негизги булак болуп эсептелет –деп тыянак чыгарышкан[6. 118-б,].

Али Дуймаздын "Коркут ата китебиндеги" алптардын таалим-тарбиясы жана алптыка өтүү" деген макаласында чыгармадагы эркек балдардын эрдик көрсөтүп, ат коюлуусу жана алптыкка өтүү жолу келечек муундарды түздөн түз мекенчилдикке, эр жүрөктүүлүккө, кичи пейилдикке, жөнөкөйлүккө үйрөтөөрү белгиленген. Эң негизгиси Огуз алпынын *"өнөрлүү"* жана "*ак көңүл"* (кайрымдуу, ак пейилдүү, ак көңүл, ак ниет") болуусу шарт, башкача айтканда "ак көңүл" – бул жөнөкөйлүк, ак көңүлдүк, абийирдүү, чынчыл, жоомарт, март, берешен, меймандос сапаттарын, ал эми "өнөрлүү" - бул баш кесип, кан төгүп, колуна кылыч алып, ат ойното минген сапаттар камтылаарын ачыктаган жана Огуз алты бул сапаттарсыз элестетүү мүмкүн эмес экендигин көрсөткөн [7., 110-б,] Эгерде Огуз алптарынын ортолорунда бир таарыныч, жэ болбосо жек көрүүлүк болсо "кылыч" жана "дасторкон" сөздөрүн символ катары колдонушкан. Буга*Баяндыр кандын ордосунда сый көрө албаган Дерсе Кан: "Баяндыр кан менин кылычымаже дасторконуматаарынды бекен*" дегенкабатыр суроосу мисал боло алат.

Ошону менен бирге Али Дуймаз “Коркут ата китебиндеги” ата-эне, бир тууган, үй-бүлөдөгү бири-бирин душмандардан куткаруу, жапайы жаныбарлар менен күрөшүү, эрдикке жетүү, алптыкка кабыл алуу жана өтүү салты, эр жигиттердин төрөлүшү тууралуу берилген бардык эпизоддордун ар бир адам үчүн сабак экендигин көрсөткөн. [7. 121-б,]

Чындыгында эле элдик нуска сөзгө айланып кеткен Коркут-Атанын насааттарында акыйкатчылык, эрдик даңазаланат, кайыр-садага берүү адамдык парз экендиги насааттталат, элди-жерди коргоо ар бир мекенчил атуулдун мойнундагы милдети экендиги баштан-аяк кызыл сызык менен белгиленип өтөт.

Түрк тилинде жарык көргөн Б. Ары, Э. Каратекенин“Коркут ата китебиндеги аял жана бала тарбиясы”- деген макаласында “Коркут ата китебинин” ар бир баяны тууралуу жалпы маалымат берүү менен Огуз түрктөрүндөгү үй-бүлөнүн курулушу, эркек жана аялдардын статустары, туугандык системасы, диний ишенимдери жана баалуулуктар өнөкөтү, социалдык статус жана рол өзгөчөлүктөрү, ахлактык көз караштары, ишенимдери, эстетикалык баалуулуктары менен адамдардын ортосундагы мамилелери талдоогоалынат [8.,275-б,].

“Коркут ата китебиндеги” аял тарбиясы, аялдардын түрлөрү, бала тарбиясы жана баланын коомдогу орду белгиленген. Аял затынын милдеттеринин бири өзгөчө балалуу болуу жана баланы коомго татыктуу тарбиялоо экендиги аныкталган. Уул бала жалгыз гана күч-кубат берген, диний мээримдүүлүк жараткан нерсе эмес, ага мамлекеттин жашашын улантуучу милдеткер адам экени белгиленет. Балдарды тарбиялоонун оң жана терс жактарына көңүл бурган.

А. Муратовтун “Кыз энеден үйрөнбөй өнүгө албас, уул атадан үйрөнбөй сапар чекпес же “Коркут-Ата китебиндеги элдик таалим-тарбия” деген макаласында “Коркут-ата китебиндеги” “Казанбектин баласы Орозбектин туткунга түшкөнү тууралуу ыр” деген чыгармасындагы таалим-тарбияга басым жасап, анда бектер менен бийлер балдарын кандайча тарбиялагандыгы ачыкталат.Байыркы түрк урууларынын педагогикалык маданиятына ылайык аталар 15-16 жаштагы балдарды аскердик өнөргө ар бир жигит колуна курал алып, жоого каршы чыгып  согушууга көнүктүрүшкөн. Казанбек да баласы Орозбекти аң-уулоого алып чыгат, өзүнүн жоону кандайча чаап-кыргандыгын, кайсыл жерде ким менен чабышканын айтып, баланын канын кызытып, жоого каршы туруу сезимин өстүргөн. Ата балага жоо менен кармашууда идеал-үлгү болот, бала атасын кандайча кармашып жатканын алысыраактан көрүп турат, ата “көк жал карышкырдай кан төгүп кыра баштайт”. Ошентип ата салтын урматтаган балдар эрдик көрсөтөт, жоону жеңет, алардын урматына той берилет [3., 2011,].

“Коркут ата китебинде” да байыркы түрктөрдүн педагогикалык көз караштары каармандардын табышмактуу айткан үзүндүлөрүнөн тартып баатырларды жоктоо, акыл насаат айтуу, табигатты сүрөттөө мүнөзүндөгү айрым лирикалык ырлар, көптөгөн макал – лакаптар, мифтер, жомок таризинда айтылган жигиттердин эрдиктери, каргыштар, баталар, жакшылыкты жакындарына сүйүнчүлөө, бел куда болуу, балага ат кою, баланы үйлөнтүү, кызды узатуу сыяктуу каада-салттар орун алган. Алар белгилүү өлчөмдө ошол доордогу түрк тилдүү элдердин педагогикалык маданиятынын өзгөчөлүктөрү тууралуу башка булактар берген маалыматтарды толуктап турат. Бул чыгармадагы адеп - ахлактык категориялардын көпчүлүгү түрк тилдүү элдердин таалим тарбия практикасындагы жалпы түшүнүктөр менен үндөшүп турат.

“Коркут ата китебинин” этнопедагогикалык ойлорду баяндоонун негизги формасы мифтер болуп эсептелет. Эмне үчүн “Коркут ата китеби” мифтерди акыл-ойлорду туюндуруунун негизги формасы катары колдонгон ? деген суроого мындайча жооп берүүгөболот. Бул маселе түрк элдеринин байыркы маданий салттары менен тамырлаш. Анткени бардык дүйнө элдери сыяктуу эле түрк элдери да жаш муундарга мурасталган акыл ойлорун, турмуштук тажрыйбаларын мифтерде сактап жеткирүүгө далалат жасашкан.

“Коркут ата китебиндеги” “Бисаттын Төбөкөздү өлтүргөнү тууралуу” мифте Төбөкөздүн жаралышы, чоңоюушу жана Огуз элине күн көргөзбөшүОгуз элинин башына кыйынчылык алып келет. Муну менен өзүмчүлүктүн аягы жаман иш менен бүтөөрүн, адам эл менен эл боло алаарын айтуу менен эл камын ойлобогон адам, адам боло албайт, деген тыянак чыгарылат.

Чыгарманын сюжети мындай.

*Күндөрдүн биринде Огуздар жайлоого көчүшөт. Огуздардан мурун эч ким жайлоого көччү эмес экен. Ошондо алардан мурун Узун булак деген таанымал булакка перилер көчүп келген экен. Аруз Кожонун Адына Конур Сары деген койчусу кой айдап келе жатса, күтүлбөгөн жерден койлор үркүп кетет. Сары койчу койлордун жол баштаган эчкисине жини келип, алдына өтүп, канаттарын бири бирине тийгизип учуп жүргөн пери кыздарды көрөт. Сары койчу кийиз кийимин кийип алып пери кыздардын бирөөсүн кармап алат. Сугун артып дароо жыныстык байланышка барат. Койлордун үрккөнүнөн койчу алдын тозууга жөнөдү. Пери кыз канат кагып учуп: “Келерки жылы ушул убакта аманатыңды алып кет. Бирок Огуздарга балакет алып келдиң”, деп көздөн кайым болот. Муну уккан койчу аябай коркуп, өңү бозоруп чыгат.*

*Убакыт өтүп Огуздар дагы жайлоого көчүшөт. Койчу дагы ошол узун булактын жанынан өтөт. Койлор дагы үркүп качат. Койчу койлордун алдына чыгып, жаркырап күйүп турган бир топту көрөт. Топтун арасынан пери кыз чыгып: “Койчу аманатыңды ал, бирок Огуздардын башына бир балакет келди”- дейт. Койчу бул топтошкон жалтыракты көрүп жаны чыгат. Кайра артка кайтып, сапан ташы менен атат. Аны урган сайын чоңоё берет. Койчу аны таштап, койлорун айдап качып жөнөйт*[9., 104,]..

Бул мисалда көрсөтүлгөндөй эле Төбөкөздүн атасы койчу, апасы пери болот. Мында Пери кыз интелектуалдуулуктун жана цивилизациянын негизинде адамдын рухундагы эстетикалык сулуулук. Ал эми “мен бир койчу адам” дегендей эле, бул анын бир иш менен алек болгондугун көрсөтпөйт. Бул анын цивилизациядан, илимден жана руханий сулуулуктан алыс экендигин түшүндүрөт. Төбөкөз койчунун тукумунан б.а. сабатсыздыктын мөмөсү. Ал никесиз төрөлгөн бала, б.а. бир мусулмандын адеп-ахлагына уруксат берилбеген иштин жыйынтыгы. Эң негизгиси Төбөкөз никесиз пайда болгон бала болгондуктан, эч бир салтка сый урмат көрсөтпөй чоңоёт.

Түрк элдери никесиз төрөлгөн баланы “таштанды” дешет. Туулган балада эмне күнөө. Ал табиаттын мыйзамына жараша төрөлөт, чоңоёт. Ал ким болуп чоңойсо дагы, элдин жаман сөзү болгон. “Таштанды” деген атынан арыла албайт.

Эгерде биз бардык түрк элдеринин адеп-ахлак маселесине б.а. аял менен эркектин жеке мамилесин орто мектептен баштап, б.а. уят-сыйыт, адеп ахлакты түшүнө баштаган 12-15 жаш арасындагы жаштарга Төбөкөздүн ролун чын экендигин түшүндүрсөк, анда башкача болмок. Ошондо гана Төбөкөздөн жийиркенип Түрк адеп ахлагын өнүктүрүп, ата-бабаларыбыздан калган руханий-этикалык нормаларыбызды укум-тукумга жеткирээр элек[2, 166-б.].

Бул макалада айтылгандай эле “Коркут ата китебиндеги” Чабандын адепсиздигинен улам төрөлгөн Төбөкөздүн образын түшүндүрүү менен балдарды жаман иштин жыйынтыгы бүтүндөй журтка зыян алып келерин айтып, элдик салтта тыюу салынган иштен оолак болуу керектигин жеткирүүгө толук мүмкүн. Анткени адептик тарбиянын булагы салттар. Салт сакталбаса бир адамдын адепсиздигинен, өзүмчүлдүгүнөн бүтүндөй журт жабыркап калаарын айтууга болот.

Түрк тилдүү элдердин кайсынысын гана албайлы алардын тарбия салттарынын башатын улууларды сыйлоо эрежеси турат. Айрым учурда бул жаштардагы нарктуулуктун жакшы тарбия алгандыктын жападан жалгыз белгиси катары бааланган учурлар да бар.

“Коркут ата китебиндеги” педагогикалык таанымдык потенциалы терең Коркут атанын баталарынын да тарбиялык таасири күчтүү.

Бата – тарбиялануучулардын аң сезиминде оң эмоцияны жаратуу, анын иш аракетин туура жолго багыттоо, дем кубат, стимул берүү жашоого шыктандыруу максатында улуулар тарабынан айтылуучу тарбиялык таасири күчтүү элдик чыгармалардын катарына кирет. Бата – көп аспектилүү, көп функциялуу элдик чыгарма. Бул түшүнүк менен бир тараптын экинчи тарапка жакшылык тилөөсү берилет. Бата жаралбайт, кайталанат, түзүлбөйт, эсте даяр түрүндө сакталат.

Батада сөзсүз адресант жана адресат болот. Адресант бата тилейт. Анынтилегиадресаткабагытталат. Бата үчүнжалпысынанэкисубьекткерек. Биринчи субъект - бата берипсүйлөөчү, экинчи субъект - батаны кабылалыпугуучу.

Батанынбашы, бул – бала үчүната – энеденалган бата. «Атаңданботокалбасын, бата калсын» дешкенилгеркилер. Мисалы:Сегрек агасы Эгректи туткундан бошотом деп жолго аттанаарда ата-энеси бата берип, ак тилек тилешет.

Бата өмүрүчүнөбөк да, таяныч да, жетектөөчү да болоалат. Анык батакөйлөр батаны туш келди сураганга эле бере беришкен эмес. Батанын ийип – ийигип алаар адамы, көлкүп – балкып берилер күнү, сааты болгон.

Бул чыгармада жигиттердин ар бир эрдиги, эли журтун коргогондугу үчүн Коркут атанын бергенбаталарымисал боло алат. *Букаш атасынын кара ниет жигиттерин жеңип, эрдик көрсөткөндө Коркут ата****: “Журттун кара тоосу жыгылбасын, көлөкөлүү бак дарактар кыйылбасын, ташкындап аккан сууларыбыз соолубасын, канатыңдын учу сынбасын, Аргымак атын сенделебесин, согушта болот кылычың, алтын найзаң сынбасын, Ак чачтуузнелердин, ак сакалдуу аталардын жайы жаннатта болсун. Жарыгың өчпөсүн, Алла Таалам акмак, жүзү караларга муктаж кылбасын, каным !****”-деп бата берет*[9., 22-б,].

Бата алуучужашоогошыктанат, импульскаээ болот. Бата анымаксаттууөмүркечирүүгөтүртөт. Адресат бата мененкошобүтжашооаракетининкелечектеннатыйжасынкөрүүгө, ага жетүүгөумтулат. Бата аныныдитинтоптоп, кыймыл – аракетин, убактысынкүчтүүмаксаткажетүүүчүнбагыттоогожолкоёт.

“Коркут ата китебинде” мына ушундай эпизоддорду, башкача айтканда жаш муунду ата-бабалардын салт-санаасын үйрөтүүгө мүмкүн болгон фолклордук чыгармаларды жыш кездештирүүгө болот.

Түрк элдеринде журт башчысынын адилеттиги, акылдуулугу, кең пейилдиги, жоомарттыгы, адеп-аклагы, жүрүш-турушу жөнөкөй элден айрымаланып туруусу шарт болгон.

Ошондой эле “Коркут ата китеби” адептик,турмуштук өрнөк окуялардан алынган аңгемелерди атайылап жараткан. “Коркут ата китебиндеги” руханий-педагогикалык дөөлөттөр мезгили менен коомдук өзгөрүүлөрдүн өкүмүнө туруштук берип биздин күнгө өз калыбында жетти. Дүйнөдө адеп-салт, арyулукка карата муктаждыктар күчөп жаткан азыркы чакта анын актуалдуулугу улам артып тереңдеп бара берет. Ошентип “Коркут ата китебин” болочок мугалимдердин этнопедагогикалык билимдерин өркүндөтүү булагы катары ишенимдүү түрдө сунуштоого болот.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:


1. Шериев Ж., Байыркы орток түрк адабияты, Б:, 1996, 28-51-б.
2. Гелдиев Г. “Коркут атанын Түркмен дөөлөтү”, Анкара, 2000, 161-167 бб.
3. Муратов А., “Коркут-Ата китебиндеги” элдик таалим-тарбия, Кутбилим, Б: 2011.
4. Гашимов А. Ш., Гашимов И.Б., “Китаби Деде Коркуд” памятник народной педагогики, Советская педагогика, Москва, 1989, 123-126б.
5. Алимбеков А., "Коркут ата китеби" - көөнөрбөс педагогикалык мурас”,Шоокум журналы, 2008, 12-13 б.

6. Ялчын С. К., Шенгүл, М. “Коркут ата баяндардагы балдарды тарбиялоодогу баалуулуктар жана андагы каарманды баалоо”, Фырат Университетинин Коомдук илимдер журналы, Элазы-2004-ж.209-223 бб.
7. А. Дуймаз, Коркут ата китебинде алптардын таалим-тарбиясы жана алптыка өтүү, “Коркут атанын юбилейине арналган” эл аралык конференция, (Uluslar arası Dede Korkut Bilgi Şöleni Bildirileri), Ататүрк маданият борбору, Анкара,2000, 109-122 бб.
8. Ары Б., Каратеке Э. Коркут ата китебиндеги аял жана бала тарбиясы,Кемал Университетинин Коомдук илимдер институнун журналы, 2010-жылы, 275-284 бб.
9. Мухаррем Эргин, “Коркут ата китеби”, Анкара, 2003.